КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

«13» май 2019 ж. Бишкек ш. № 64

«МЖМ боюнча жазгы сынактык сессияны
уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө"

2018-2019-о.ж. окутуунун күндүзгү формасындагы 1- курстун магистранттары үчүн жазгы сынактык сессияны натыйжалуу уюштуруу жана өткөрүү максатында **буйрук берем**:

1. Окутуунун күндүзгү формасындагы 1- курстун магистранттары үчүн жазгы сынактык сессия КМТУнун сынактык сессияны өткөрүнүн Регламентине. Академиялык календарга жана окуу процессинин графигине ылайык **2019-ж. 10-июнунан 22-июнуна** чейин өткөрүлсүн.

2. Магистратура жогорку мектебинин деканы:
   - сынактарды кабыл алуунун эрежелерин өзгөчө көзөмөлгө алып, терс көрүнүштөрдү алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзсүн;
   - окуу программаларын толук аткарган, сабактарга калтырбай катышкан жана окуу төлөмдөрү толук төлөнгөн магистранттарга сынактык сессияны тапшырууга уруксат берсин;
   - сынактардын жана консультациялардын ыраатталамаларын өз учурунда түзүп, маалыматтарды магистрантарга жеткирүүнү камсыздасын;
   - сынак өтүүчү күнү окуу тобунун сынакка катышуусун каттоо баракчасын колдонулушу өзгөчө көзөмөлгө алынсын;
   - сынактык ведомостор университеттин маалыматтык системи программасынын негизинде гана жүргүзүлүп, деканатка 2019-ж. 25-июнуна чейин тапшырылсын;
   - "FX" и "I" балл алган магистранттар үчүн балл топтоо жана сабактарды кайрадан тапшыруу графиктери түзүлүп, балл топтоо жана сабактарды кайрадан тапшыруу **2019-ж. 1-сентябрынан 30-сентябрына** чейин өткөрүлсүн;
   - сынактык сессияны талдоо жана көзөмөлгө алуу, ошондой эле келишпе албастык кырдаал жаралганда, аны ыкчам чечүү үчүн декан, окуу-усулдук кеңештин мүчөсү,

кафедра башчысынан турган комиссия түзүлүп, окутуучулар тарабынан тартип бузуулар болгон учурда маселени ыкчам карап, административдик чара колдонууга документтерди ректоратка берсин;
- сынактык сессиянын жыйынтыгы №8 формасын окуу бөлүмүнө (Алыбаева Г.Дж.) 2019 - ж. 28 - июнуна чейин тапшырылсын.

3. **Кафедра башчылары:**
   - жазгы сынактык сессия башталгыча сессия өткөрүүнүн процедурасы менен сынактарды кабыл алуу эрежелери КМТУда сынактык сессияны өткөрүүнүн Регламентине ылайык жүргүзүү жана анын милдеттүү түрдө аткарылышын камсыздоо боюнча кафедранын отурумун өткөрүү;
   - сынактык сессиянын учурунда, ошондой эле сынак боюнча келишпестик жаралганда, аны өз убагында чечүү үчүн, профессордук-окутуучулар курамын саат 9.00дөн 16.00гө чейин иш ордунда болушун камсыздоо;
   - академиялык карыздарды жоюу, кошумча сабактарды өткөрүү, зачет жана курстук иштерди (долбоорлорду) кабыл алуу боюнча баардык окутуучулар үчүн кафедралык жазгы сынактык сессияны жана жайкы семестрди өткөрүү боюнча иштөө графигин түзүү;
   - магистранттардын билимин баалоодо окутуучулар тарабынан субъективдүү факторлорду жоюу максатында сынактарды комиссия менен кабыл алууну (2 окутуучу) иш жүзүнө ашыруу;
   - сынактарды бекитилген ырааттамалардан сырткары кабыл алууга тыюу салуу;
   - студенттердин жайкы практикасын жетекчөөчү окутуучуларга эмгек өрүү берүүнү камсыздоо.

4. Берилген буйрукту көзөмөлдөө иши окуу иштери боюнча проректор М.К. Чыныбаевге жүктөлсүн.

Негизи: МЖМ факультетинин деканынын билдирүүсү.

Ректор — М.Дж.Джаманбаев

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

ОИ боюнча проректор — М.К.Чыныбаев

МЖМ факультетинин деканы — Ч.А.Кадыров

Окуу бөлүмүнүн башчысы — Ж.Д.Сыдыков

УИБ башчысы — А.Ж.Исраилов